Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган К.13.22.653 педагогика илимдеринин доктору, профессор Доскараев Бауржан Меделбекович изденүүчү Минбаев Доорбай Абдиллаевичтин “Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12–14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери” аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясы тууралуу расмий оппонентинин

# ПИКИР

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Д.А.Миңбаевдин Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери” аттуу темадагы диссертациялык ишинин актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын “Билим берүү”, “Дене тарбия жана спорт”, “Кыргыз улуттук спортунун түрлөрү жана оюндары” жөнүндөгү мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Жаштарды руханий-нравалыкка тарбиялоо жана дене бойдун өркүндөтүү тууралуу указын реализациялоого, азыркы коомдогу шарттарында тамыры менен өзгөрүүлөрдүн жаралышына. жаштарды улуттук нарктуулук, баалуулук, адеп-ахлактык, патриоттуулукка багытталуусун билдирет. Ошондуктан, жаштарга натыйжалуу таасир этүүчү каражаттарды издөө зарылчылыгы келип чыкты, алар жаштарды Ала Тоону сүйүүгө, сактоого, адеп-ахлактык, этнопсихикалык жана дене бойлук (физикалык), ден соолукту чыңдоого жана сергек жашоо образын сактоого шарт түзөт.

Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн илимий педагогикалык потенциалын (мүмкүнчүлүктөрүн) негиздөө жана натыйжалуу пайдалануу, ар тараптуу дене бой тарбиялоодогу натыйжалуу каражаты катары, улуттук патриоттуулукка тарбиялоо системасын мыктылоо (жеткилең) окуучу жаштардын талаптарын канаттандыруу болот.

ВХ № 115
1. 12 2023 г.

**1. Диссертациялык иште төмөнкүдөй жаңы жана ишенимдүү көрсөткүчтөр алынган**

1 көрсөткүч, “Манас” эпосундагы париоттуулукту көрсөтүү, Каныкейдин образынын руханий адеп-ахлактык жана патриоттуулук дөөлөттөрүн, Кошой менен Жолойдун таймашуусу жөнүндөгү баянды, патриоттуулук-инсандык комплекстүү сапатын терең изилдөө менен, “Манас” эпосунун руханий, нравалык, педагогикалык жана патриоттуулук дөөлөттөрүн ачып көрсөткөн.

2 көрсөткүч, издөөнүнүн объектиси жана предмети; жаштарды патриоттуулукка тарбиялоодо спорттук педагогдордун ишмердиктерин изилдөө жана талдоо, жаш балбандарды спорттук коллективде патриоттуулукка тарбиялоо жана аларды өз ара маанилерин аныктоо, өздүк фактылык материалдарды алуунун методдорун колдонуу менен улуттук спорттук күрөш менен машыккандарды патриоттуулукка тарбиялоонун илимий-педагогикалык өбөлгөлөрү аныкталган.

3 көрсөткүч, патриоттуулукка тарбиялоодогу тажрыйбалык-эксперименталдык иш-чараны жаш балбандар менен таалим-тарбиялык иштин өзгөчөлүктөрүн, тажрыйбалык-эксперименттин натыйжасын оң таасирин бергени көрсөтүлгөн.

**2. Изилдөөдөн алынган ар бир илимий натыйжанын (көрсөткүчтөрүн), жыйынтыктарын, таянактарынын негизделиниши жана ишенимдүүлүгү**

1 натыйжа, жаңы деп эсептелинет, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттар аныкталганы менен ишенимдүү жана теоретикалык жана тажрыйбалык-эксперименталдык жалаң негизделинген.

2 натыйжа жаңы, жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодогу натыйжалуу педагогикалык технологияларды жана педагогикалык шарттары аныкталынганы менен ишенимдүү.

3 натыйжа, күрөш менен машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу критерийлери иштелип чыккандыгы менен негизделинген.

4 натыйжа, балбандардан түзүлгөн патриоттуулук сезимдеринин спорттук чеберчиликтерин жогорулатууда, спорттук топко тийгизген таасири аныкталынгандыгы менен негизделинген жана ишенимдүү.

**3. Изилдөөдөн алынган ар бир илимий натыйжалардын, тыянактарынын жана корутундудан жаңылыктарынын деңгээли**

1 натыйжа, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттар аныкталынган, теоретикалык жана тажрыйбалык-эксперименталдык жалаң негизделинген.

2 натыйжа, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттары аныкталынган.

3 натыйжа, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу критерийлери иштелип чыккан.

4 натыйжа, жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо атайын педагогикалык шарттар иштелип чыккан жана сунушталган.

5 натыйжа, жаш балбандардан түзүлгөн патриоттуулук сезимдеринин спорттук чеберчиликтерин жогорулатууда спорттук топко тийгизген таасири аныкталган.

**4. Изилдөөдөн алынган көрсөткүчтөрүнүн ички биримдүүлүгүн баасы жана алардын проблемаларды чечүүгө, теоретикалык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө багытталынышы**

Диссертант тарабынан алынган илимий көрсөткүчтөр, өзүнүн ички биримдүүлүгүн, алгоритмикалык, адабият булактарына терең талдоо жүргүзүүлөр, теоретикалык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө багытталынганы менен мүнөздөлөт.

**5. Изилдөөдөн алынган көрсөткүчтөрдүн практикалык маанилүүлүгү**

1 көрсөткүч, жаш балбандарды тарбиялоо, аларды илимий-методикалык жактан камсыздоо, окутуу-тарбиялоо процессин натыйжалуулугун жогорулатуу, спорттукка даярдоо жана балбандардын патриоттук сезимдерин түзүүнү жакшыртууга мүмкүндүк берүүлөрү иштелип чыгылган жана тартылган. Спорттук машыгуулар чөлкөмүндө атайын программа иштелип чыккан: “Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттар”.

2 көрсөткүч, изилдөөдөн алынган илимий материалдар учурда колдонулуп жаткан программаларды, иш пландарын жана башка документтерди мыктылоодо нравалык-патриоттуулукка тарбиялоодо жана башка көнүгүүлөрдө спорттук педагогдорду даярдоо системасында, алардын адискөйлүк квалификациясын жогорулатуу курстарында жана спорттук түрлөрүнө карабастан, аларды практикалык иште пайдаланса болот.

3 көрсөткүч, жаш балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодо сунушталган педагогикалык шарттардын мазмундарын, формаларын жана методдордун окутуу-машыгуу процессинде, ошондой эле алардын натыйжалуулугун, сапаттарын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

4 көрсөткүч, улуттук спорттук күрөшү боюнча жаш балбандар үчүн атайынкы программа иштелип чыккан жана сунушталган.

5 көрсөткүч, негизделинген илимий корутундулар жана практикалык сунуштар башка спорттун түрлөрүндө спорттукка даярдоодо жана окутуу-машыгуу процессинде патриоттуулукка тарбиялоо максатында пайдаланышса болот.

**6. Диссертациялык иштин негизги жолболору, көрсөткүчтөрүн, тыянактары басмадан басылып чыгарылышын тастыктоо**

Диссертациялык иштин негизги теоретикалык жана практикалык жоболору УАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда 10 илимий

макала басылып чыккан. Алардын ичинен 2-макала РИНЦде, 2-Эл аралык илимий практикалык конференциялардын материалдарында, 6-периодикалык басмада.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациялык иштин мазмунуна, анын максатына жана милдеттерине дал келет. Авторефератта окшош кыргызча, орусча жана англисче резюмелери бар.

**9. Диссертациянын мазмунунда жана аны бүткөн формага келтирүүдө кездешкен кемчиликтер**

Диссертациянын тиешелүү формага келтирүүдө мүчүлүштүктөр байкалган жок.

1. Биздин оюбузча диссертациянын темасынын аталышы төмөнкүдөй өзгөрүүлор киргизсе жакшы болмок: “Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары”.

2. Көптөгөн кайталанган сөздөрдүн көптүгү: Мисалы: “Кыргыз улуттук спорттук күрөш”, “Башталгыч спорттук топтогу машыккандар” ж.б.

3. Диссертациянын текстинде орфографиялык, техникалык, пунктуациялык каталар кездешет.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын жалпы баалуулугун түшүрбөйт деген ойдобуз. Диссертациялык иш жеткиликтүү тил менен жазылып, теориялык-методикалык жактан жогорку деңгээлде аткарылган.

Миңбаев Д.А. “Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери” аттуу темадагы диссертациясы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуулар, ден соолукту чыңдоо жана адаптивдүү дене тарбия адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга коюлган

УАК окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү 10 пунктуна ылайык изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан актуалдуу темада аткарылган илимий-изилдөө болуп саналат, анын автору Минбаев Доорбай Абдуллаевич педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга толук татыктуу.

Расмий оппонент:
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Доскараев Б.М.

Қолы
Подпись 30.11.2023
Растаймын: «Қазақ ұлттық қыздар педагогикалық университеті» КеАҚ HR қызметі
Заверено: НАО «Казахский национальный женский педагогический университет» HR служба